**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул Пушкина, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№ М-85 «18» 12 2024

Сиздин (На) № ____________ «____» _________ 20 __

**Малик уулу Кубанычбеке**
**Дареги: Жалал-абад облусу,**
**Базар-Коргон шаары,**
**тел.** [redacted]

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) Сиздин арызыңыз боюнча төмөнкүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 3-беренесинин 6-бөлүгүндө «Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар, ошондой эле соттуулугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган адамдар шайланууга укуксуз».

Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 53-беренесинин 4-бөлүгүндө «Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы документтерди кабыл алган күндөн тартып, 10 календардык күндүн ичинде талапкерлердин көрсөтүү тартиби ушул Мыйзамдын талаптарына ылайыктыгын текшерет жана талапкерлердин тизмесин каттоону жүзөгө ашырат же болбосо каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөөлөштүрүлгөн чечим чыгарат. Көрсөтүлгөн текшерүү анын ичинде мыйзамдар менен бекитилген ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасын колдонуу менен жүргүзүлөт» деп көрсөтүлгөн. Ушул ченемдин негизинде талапкерлердин соттуулугу боюнча маалыматтар Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Маалыматтык технологиялар башкы башкармалыгынын маалыматынын негизине (Түндүк системада) аныкталат.

Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан Мирзабаев Икрамжан Юлдашевич соттуулугу боюнча документтерин текшерүүдө 2024-жылдын 20-октябрындагы Ыйгарым укуктуу органдын – Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Маалыматтык технологиялар башкы башкармалыгынын «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

аракеттенүү системасы аркылуу алынган расмий маалыматында И.Ю. Мирзабаевдин статусунда «соттолгон эмес деп эсептелет» деп көрсөтүлгөн.

Ошону менен бирге Жалал-Абад облусунун ички иштер Башкармалыгынын облустук Маалыматтык технологиялар башкы башкармалыгынын жетекчиси Н.Алимбаевдин (08.08.2024-жылдагы OSK03-015024) маалым катында И.Ю. Мирзабаевдин Кыргыз Республикасынын аймагында соттуулугу жок деп берилген.

Жогорудагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын маалыматынын негизинде, И.Ю. Мирзабаев – Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 16-октябрындагы №12 чечими менен Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Базар-Коргон шаардык кеңешинин «Ишеним» саясий партиясынан депутаттыкка талапкер болуп катталган.

Сиздин кайрылууңуздун негизинде Борбордук шайлоо комиссиясы И.Ю. Мирзабаевдин соттулугун аныктоо үчүн Кыргыз Республикасынын ички иштер министирлигине караштуу Маалыматтык технологиялар башкы башкармалыгына кайрылган.

Кыргыз Республикасынын ички иштер министирлигине караштуу Маалыматтык технологиялар башкы башкармалыгынын расмий маалыматына ылайык, (2024-жылдын 13-декабры чыгыш 5/423) Кыргыз Республикасынын кылмыш жаза Кодексинин 4-пунктун 3-бөлүгүнүн 76-беренесинин негизинде 2017-жылы И.Ю. Мирзабаевдин соттуулугу жоюлган деп берилген.

Жогоруда баяндалган маалыматтардын негизинде, «Ишеним» саясий партиясынан талапкерлердин тизмеси менен Базар-Коргон шааардык кеңешине депутат болгон Мирзабаев Икрамжан Юлдашевич, мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган соттуулугу жок экенин билдиребиз.

**Төраганын орун басары** **Н. Койчукеев**

Атк: А.Кыдыралиев 660118

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ М-85, 18.12.2024

Кол койгон: Койчукеев Н.Ч., 18.12.2024